И. Арабаев атындагы КМУнун Э.Ж.Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин "Кыргызстандын тарыхы жана этнология" кафедрасынын 2025-жылдын 19-майында өткөрүлгөн (протокол № 11) кезексиз жыйынынын протоколунан

КӨЧҮРМӨ

Катышкандар:

Талкууга катышкан окумуштуулардын тизмеси:

1. Алыкулова Г.К – т.и.к., доценттин м.а., кафедра башчысы, адистиги 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы ;
2. Жоошбекова А.Р. – т.и.д., профессор, адистиги 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология;
3. Курбанова Н.У. – т.и.д., профессор; адистиги 07.00.02.– Ата Мекен тарыхы
4. Каана Айдаркул – т.и.д., профессор; адистиги 07.00.02.– Ата Мекен тарыхы
5. Алымкулова С.К. – т.и.д., проф.м.а адистиги 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология;
6. Самиева Ж.Д. – т.и.к., доцент адистиги 07.00.02.– Ата Мекен тарыхы;
7. Кожомуратова Б.Ж. – т.и.к., доцент адистиги 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология;
8. Айтымбет кызы Айгүл – т.и.к., доценттин м.а., адистиги 07.00.02.– Ата Мекен тарыхы;
9. Амантур уулу Чынгыз – ага окутуучу;
10. Элеманова Р.Т. – окутуучу;
11. Шадибекова К. – лаборант.

Күн тартибинде:

Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын "АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗДАРДЫН ИСЛАМ ДИНИНЕ ЧЕЙИНКИ ИШЕНҮҮЛӨРҮНҮН ЖАШАП КЕЛИШИ (ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ТҮШТҮГҮНҮН МИСАЛЫНДА) аттуу 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин ачык коргоого карата жетектөөчү мекеме болгон И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын тарыхы жана этнология» кафедрасында кол жазмасын талкулоо.

Илимий консультанты – КР УИАсынын академиги, т.и.д., профессор Асанаканов А.А.

Отурумдун төрайымы, "Кыргызстандын тарыхы жана этнология" кафедрасынын башчысы, т.и.к., доценттин м.а. Г.К. Алыкулова:

Урматтуу кесиптештер, бүгүнкү талкууга коюлуп жаткан диссертация адистерге окууга таркатылып берилген. Диссертациянын кол жазмасын кафедранын мүчөлөрү жана адистер окуп чыгышты.

Бүгүнкү талкууга тарых илимдеринин докторлору, профессорлор, тарых илимдеринин кандидаттары, доценттер кесиптештер отурушат. Анда талкуубуздун ишин баштасак, алгач сөздү ушул багытта илимий изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн окумуштуу адистерге берели. Ар бириңиздер диссертанттын эмгеги боюнча канчалык көп конструктивдүү сын пикириңиздерди, сунуштарыңыздарды айтсаңыздар, илимий иштин жакшыруусу үчүн салым кошкон болосуздар. Анда сөздү т.и.д., профессор Н.У. Курбановага берели, иш жөнүндөгү пикирлеринизди адис катары айтсаныз.

Н.У. Курбанова: Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын "АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗДАРДЫН ИСЛАМ ДИНИНЕ ЧЕЙИНКИ ИШЕНҮҮЛӨРҮНҮН ЖАШАП КЕЛИШИ (ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ТҮШТҮГҮНҮН МИСАЛЫНДА)" аттуу диссертациясы азыркы учур үчүн өзгөчө актуалдуу. Дүйнөдөгү ааламдашуу жана илимий-техникалык өнүгүүлөр шартында элдердин маданиятында жана дүйнөнү кабыл алуусунда жаңы тенденциялар пайда болууда. Кыргыздар ислам динин кабыл алып, анын баалуулуктарын сактап келе жаткан этнос катары, исламга чейинки архаикалык ишенимдер дагы азыркы күнгө чейин жашап келет. Исламга чейинки ишенимдер менен ислам дини бири-бирине аралашып, синкретизм көрүнүшү уланып келет.

Илимий иште, Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү Баткен, Кадамжай жана Ноокат аймактарындагы исламга чейинки ишенимдердин өзгөчөлүктөрү терең изилдөөнү талап кылат. Мурдагы изилдөөлөрдө жалпы кыргыздардын ишенимдери каралса да, аталган аймактардагы кыргыздардын ишенимдери өзүнчө илимий изилдөөнүн объектиси болгон эмес.

Диссертацияда изилдөөнүн объектиси, предмети такталып, кошумчаланып берилиши зарыл жана иштин методологиялык жана ыкмалык бөлүгүндө маалыматтардын объективдүүлүгү кандайча камсыздалгандыгы тууралуу айтып кетүү зарыл деп эсептейбиз. Бирок, бул кемчилдиктер илимий иштин коргоосуна шек жаратпайт, жалпысынан иштин структурасы, мазмуну илимий иштерге коюлуучу талаптарга толук жооп берет, ошондуктан ишти ачык коргоого сунуштайм.

Каф., башч. Алыкулова Г.К..: Рахмат, Назира Умаровна, анда кийинки сөздү кафедранын профессору Айнагүл Рыспаевнада.

Жоошбекова А.Р.: Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын “АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗДАРДЫН ИСЛАМ ДИНИНЕ ЧЕЙИНКИ ИШЕНҮҮЛӨРҮНҮН ЖАШАП КЕЛИШИ (ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ТҮШТҮГҮНҮН МИСАЛЫНДА)” аттуу диссертациясы азыркы күндөгү актуалдуу тема. Кыргыздар исламды кабыл алып, ошол эле учурда исламга чейинки архаикалык ишенимдерин сактап келе жатышат. Бул изилдөөнүн максаты - Фергана өрөөнүндөгү исламга чейинки ишенимдердин жана ырым-жырымдардын өзгөчөлүктөрүн терең изилдөө.

Диссертант илимий иштеринде төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарган:

Ар кандай жансыз нерселерге ишенүү, алардын коргоо жана ийгилик алып келүүчү күчтөргө таандык экендиги, ошондой эле кара сыйкырдын зыяндуу таасирлери, отко сыйынуу ырымдарынын түпкү тамыры зоарастризмден жана Теңирчиликтен келип чыккан деген бүтүмү, жер-сууга багышталган курмандыктар жана жаз мезгилиндеги сууну сактоо ырым-жырымдары, Умай энеге багышталган жөрөлгөлөрдүн пайда болушу жана алардагы тажик, өзбек салттарынын таасири, тотемизмдин калдыктарынын, жаныбарларга болгон ишенимдердин сакталышы, ата-бабалардын арбагына сыйынуу жана анын ислам менен синкреттешүүсү деген жыйынтыктары абдан туура. Демек, изилдөөнүн жыйынтыктары талаа материалдарынын негизинде түзүлгөн жана сурамжылоо, байкоо жүргүзүү ыкмалары аркылуу таасирдүү болушу камсыздалган. Мындан биз илимий эмгектердин талдоосу жана тарыхий-салыштырмалуулук ыкмалары колдонулгандыгын көрүп турабыз. Ошого карабай кээ бир кемчиликтерине токтоло кетсек:

1. Кээ бир диний ырым-жырым жөрөлгөлөрдүн трансформацияланышына кандай ички жана тышкы шарттар таасир эткени диссертацияда ачыкталып берилсе, иштин мазмуну мындан да байымак.
2. Изилдөө темасы Фергананын түштүгүндөгү кыргыздарга территориялык жактан байланган. Кайсы көрүнүштөр, ырым-жырым, жөрөлгөлөр дал ушул топко мүнөздүү, бул нерселер кыргыздар үчүн жалпы болушу мүмкүн, андан да кененирээк алсак, түрк элдерине мүнөздүү экендигине да диссертацияда көңүл бурулушу кажет.
3. Диссертанттын илимий ишинде, адабияттардын тизмеси иретке келтирилиши зарыл.
4. Алфавит боюнча, ссылкалар так берилбеген жерлер көп, иштин илимий шөкөттөлүшү– ссылкалар, адабияттардын тизмеси, структура кайра каралышы керек. Бирок, иштин жазылышы анын ичиндеги бардык берилген материалдар изилдөө ишинин максатына жеткенин далилдеп турат, ошондуктан мен да ачык коргоого сунуштайм.

Каф., башч. Алыкулова Г.К..: Рахмат, Айнагүл Рыспаевна, албетте сиздин сунуштарыңызды эске алат деген ойдобуз, кийинки сөздү кафедранын профессору Сынару Кадыровна беребиз.

Алымкулова С.К.: Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын “АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗДАРДЫН ИСЛАМ ДИНИНЕ ЧЕЙИНКИ ИШЕНҮҮЛӨРҮНҮН ЖАШАП КЕЛИШИ (ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ТҮШТҮГҮНҮН МИСАЛЫНДА)” аттуу диссертациясы азыркы илимий ааламдашуу мезгилиндеги актуалдуу маселелерден. Аталган диссертация ислам динин кабыл алган кыргыздардын, өзгөчө Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү аймактардагы, исламга чейинки архаикалык ишенимдери жана аларды сактоо процессин изилдөөгө багытталган. Диссертациянын өзгөчөлүгү – архаикалык ишенимдердин кыргыздардын диний жашоосундагы орду, алардын азыркы заманга ылайык өзгөрүүлөрү жана синкретизм процессинин негиздери кеңири каралган.

Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын диссертациясынын илимий жыйынтыктары, корутундусу жана практикалык сунуштары иштин максатына жана милдеттерине толугу менен жооп берет. Автор өзүнүн изилдөөсүндө чогултулган этнографиялык талаа материалдарын терең анализдеп, аларды жаңыланган изилдөө методдору менен карап чыккан. Диссертациянын практикалык мааниси анын ааламдашуу, диний жана маданий өзгөрүүлөр, жана этностук идентичности тууралуу бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелерине арналгандыгында жатат.

Диссертациялык иш автордун өзүнүн этнографиялык талаа материалдарынын негизинде Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздардын исламга чейинки ишенимдерин изилдөөгө багытталган алгачкы изилдөөлөрдүн бири болуп саналат. Бул иштерде этностун күнүмдүк жашоосундагы ырым-жырымдар, архаикалык ишенимдер, диний жөрөлгөлөр жана зыярат кылынуучу ыйык жайлар, ошондой эле бакшылыктын эволюциясы тарыхый контекстте каралган. Бул изилдөөлөр архаикалык ишенимдердин исламга чейинки түпкү маанисин ачып, алардын исламга чейинки баалуулуктар менен аралашуусунун таасирин көрсөткөн. Иш ЖАКтын бардык талаптарына жооп берет. Ошондуктан мен да, ачык коргоого сунуштаймын.

Каф., башч. Алыкулова Г.К..: Рахмат, Сынару Кадыровна, кийинки сөздү кафедранын профессору Айдаркул Каанага берсек. Сөз сизде Каана Айдаркул.

Айдаркул Каана: Рахмат, Гүлбү Корошовна. Ооба, мен да карап чыктым, тема актуалдуу, менин алдымда эле айтылган ой-пикирлерге кошулам. Менин кошумчалай кете турган нерсе, бул илимий иштин жыйынтыктары жана жаңылыгына токтолсом.

Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери жана алардын азыркы мезгилдеги өзгөрүүсү алгачкы жолу системалуу түрдө изилденген. Архаикалык ишенимдердин исламга чейин жана андан кийинки өзгөрүүлөрү, алардын арасындагы синкретизм процесси өзгөчө чагылдырылган. Мындан тышкары, ислам динининн кириши жана ошол кездеги салттардын жаңылануусу, элдин социалдык жана руханий жашоосундагы өзгөрүүлөр талданган, мындан сырткары иштин практикалык маанилүүлүгү да азыркы күндө абдан жогору. **Иш ЖАКтын талаптарына жооп берет, ачык коргоого сунуштайм.**

Каф., башч. Алыкулова Г.К.: Рахмат, Каана Айдаркул.

Алыкулова Г.К.: Теманын актуалдуулугу. Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын “АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗДАРДЫН ИСЛАМ ДИНИНЕ ЧЕЙИНКИ ИШЕНҮҮЛӨРҮНҮН ЖАШАП КЕЛИШИ (ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ТҮШТҮГҮНҮН МИСАЛЫНДА)” аттуу диссертациясы өзүнүн актуалдуулугу менен айырмаланып турат. Диссертациялык иште, исламга чейинки культтардын жана ырым-жырымдардын жаңы түзүмдөрү, алардын ислам дини менен аралашуусу талданган. Ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөрдүн

синкреттешүүсү коомдогу ар кандай диний, маданий таасирлердин натыйжасында жашап келет.

Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын диссертациясы Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздардын исламга чейинки ишенимдерин биринчи жолу системалуу түрдө изилдеп, архаикалык ишенимдердин синкретизмин жана алардын ислам менен байланышын ачып көрсөткөн алгачкы эмгек болуп саналат. Бул иш маданият таануучуларга, дин таануучуларга жана этнографтарга пайдалуу болуп, Кыргызстанда жана Борбордук Азияда маданияттар аралык диалогду бекемдөөгө чоң салым кошо алат.

Диссертациянын негизги жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талабына ылайык 12 рецензияланган илимий макалада жарыяланган.

Автореферат диссертациянын мазмунуна толугу менен туура келет. Ал кыргыз, орус жана англис тилдеринде берилген.

Диссертациянын материалдары тарыхчы-этнографтарга, маданият таануучуларга, фольклорчуларга жана дин таануучуларга колдонууга ылайыктуу. Ошондой эле, ал билим берүү чөйрөсүндө кыргыз этнографиясы боюнча курстарды даярдоодо, материалдык эмес маданий мурастарды сактоо боюнча программаларды иштеп чыгууда, дин таануу боюнча билим берүү курстарында жана Борбордук Азиядагы маданияттар аралык диалогду бекемдөө боюнча ишмердүүлүктө колдонулушу мүмкүн.

Диссертациянын негизги жыйынтыктары, анын негизги жоболору Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына ылайык рецензияланган илимий басылмаларда 12 макала катары жарыяланган. Бул макалалар диссертациянын мазмунун чагылдырып, анын негизги темаларын, корутундуларын жана сунуштарын баяндоо үчүн ылайыктуу болгон.

Автореферат диссертациянын мазмунуна толук туура келет. Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына ылайык, диссертациялык иштин кыска резюмеси кыргыз, орус, англис тилдеринде берилген, бул анын кеңири аудиторияга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат.

Диссертация Фергана өрөөнүндөгү кыргыздардын исламга чейинки ишенимдеринин өзгөрүшүн жана синкреттешүү процесстерин изилдөөгө багытталган алгачкы эмгек болуп саналат. Исламга чейинки архаикалык ишенимдердин өнүгүшү, алардын ислам менен аралашуусу жана диний жөрөлгөлөрдүн трансформациясы изилденген. Диссертациянын материалдары тарыхчы-этнографтарга, дин таануучуларга жана башка адистерге пайдалуу болуп, маданий мурастарды сактоо жана билим берүү чөйрөсүндө колдонулушу мүмкүн.

Ошентсе дагы кээ бир кемчиликтер кездешет, алсак алар төмөнкүлөр:

- Диссертациянын мазмунундагы талдоого караганда баяндоолор көбүрөөк болуп калган жерлерди карап чыгуу жана топтолгон маалыматтарды интерпретациялоо, башка изилдөөлөр менен салыштырууларды көбөйтүү зарыл.

- Текстте стилистикалык жана маниси боюнча кайталоолор, түшүнүксүз сөз айкаштары кездешет, аларды редакциялоо менен диссертациянын илимий стилин жакшыртууну сунуштайбыз.
- Илимий иште стилистикалык, граматикалык жана орфографиялык мүчүлүштүктөр көп кездешет. Андыктан, илимий иш редакциялоого муктаж.

Бул кемчиликтер дискуссиялык мүноздө жана диссертациялык изилдөөнүн деңгээлине таасир этпейт. Айтылган сын пикирлерди оңдоодон кийин ишти коргоого сунуштоого болот.

Алыкулова Г.К.: Урматтуу кесиптештер, диссертацияны окуп чыккан окумуштуулардын баары өз пикирлерин билдиришти. Талкуу учурунда айтылган көпчүлүк пикирлердин жыйынтыгы диссертациянын кол жазмасын коргоого сунуштоо болду.

Биргелешкен жыйындын катышуучулары добуш берүүнүн жыйынтыгында төмөндөгүдөй чечимге келишти.

И. Арабаев атындагы КМУнун Э.Ж.Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин Кыргызстандын тарыхы жана этнология кафедрасынын 2025-жылдын 19 – майында кезексиз өткөрүлгөн **(протокол №11)** отуруму Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын "АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗДАРДЫН ИСЛАМ ДИНИНЕ ЧЕЙИНКИ ИШЕНҮҮЛӨРҮНҮН ЖАШАП КЕЛИШИ (ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ТҮШТҮГҮНҮН МИСАЛЫНДА) аталышындагы кандидаттык диссертациясынын кол жазмасын, аткарылган диссертациялык иши боюнча билдирүүнү угуп жана талкуулап **КР ПК УАКтын диссертацияларга койгон талабына жооп бериши.**

ТОКТОМ КАБЫЛ АЛАТ:

1. **Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын "АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗДАРДЫН ИСЛАМ ДИНИНЕ ЧЕЙИНКИ ИШЕНҮҮЛӨРҮНҮН ЖАШАП КЕЛИШИ (ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ТҮШТҮГҮНҮН МИСАЛЫНДА)** деген темадагы 07.00.07. – этнология, этнография, антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациясынын кол жазмасы Кыргыз Республикасынын ЖАКынын талаптарына жооп берет;
2. **Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын "АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗДАРДЫН ИСЛАМ ДИНИНЕ ЧЕЙИНКИ ИШЕНҮҮЛӨРҮНҮН ЖАШАП КЕЛИШИ (ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ТҮШТҮГҮНҮН МИСАЛЫНДА)" деген темадагы** 07.00.07. – этнология, этнография, антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациясы Диссертациялык кеңешке ачык коргоого сунушталат.

Отурумдун төрайымы,
т.и.к., доц. м.а. **Алыкулова Г.К.**
Катчы: **Шадибекова К.Ш.**

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА

КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ